Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07,21.628 диссертациялык кеңешинин 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “**Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты** (XIXк. аягы - XXк. башы)” аттуу диссертациясына расмий оппоненттин

**Пикири**

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негизделиши**

Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын (Кытай, Ооганстан, Өзбекстан, Тажикстан ж.б.) тарыхы, материалдык жана руханий маданиятынын салттуу этностук өзгөчөлүктөрү Ата мекенибиз Кыргызстандын тарыхы менен ажырагыс биримдикте жана анын бир бөлүгү болуп эсептелинет. Анткени алар чет жерде, чет элде жашаса да, кыргыз элинин тилин, маданий мурастарын муундан-муунга сактап келе жатышат.

XIX к. аягы - XX к. башындагы материалдык маданияттын жана колдонмо искусствонун негизги элементтери үйлөнүү үрп-адаттарынын ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелген. Мургабдык кыргыздар өздөрүнүн тарыхый конушунан алыс жайгашкандыгына карабастан, оздөрүнүн материалдык маданиятын, каада-салт, үрп-адатын жоготпостон, ушул күнгө чейин сактап келишкен жана кийинки муундарга өткөрүп беришүүдө. Ошондуктан, диссертант тандаган теманын ***актуалдуулугун*** баса белгилөөгө болот.

Чет өлкөдө жашаган кыргыздардын маданиятын, турмуш-тиричилигин, чарбасын изилдөө жалпы эле кыргыздардын этностук тарыхын жана маданиятын ар тараптан жана терең изилдөөгө жардам берет.

Диссертант Тажикстан Республикасынын Чыгыш жагында жайгашкан Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусуна караштуу Мургаб районунун Сары-Кол өрөөнүндө жашаган этникалык кыргыздардын чарбалык укладына, маданий баалуулуктарына, сакталып келе жаткан салыштырмалуу өзгөчөлүктөргө кеңири токтолгон. Илимий иш XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы сарыколдук памирлик кыргыздардын үйлөнүү той үрп-адатын жана салт-санааларын комплекстүү изилдөөгө алгандыгын, автор тандаган диссертациялык иштин *актуалдуулугунан* кабар берет жана диссертант иликтоого бел байлаган теманын актуалдуулугун толук негиздүү белгилеп көрсөткөн. Ошондой эле, автор аталган теманы тарыхый таризде биринчилерден болуп илимий иликтөөгө алганын баса белгилөө абзел. Демек, изилденип жаткан илимий ишке тиешелүү деңгээлдеги этнографиялык иликтөө жүргүзүү менен бирге аталган тема актуалдуу маселелердин бири экендигин айтууга толук негиз бар.

Диссертациялык изилдоонүн актуалдуулугу далилдүү жана негиздүү экендиги талашсыз.

2. **Иштин диссертациялык изилдөөлорго коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.**

Бул диссертациялык изилдөөдө бир катар жаңы теориялык, илимий-практикалык жана тарыхнаамалык жыйынтыктар алынган.

1-*жыйынтык*. Илимий иште диссертант тиешелүү деңгээлде тарыхый булактарды, расмий документтер, статистикалык маалыматтарды анализдөө, сурамжылоо жүргүзүү жана аларды салыштыруу аркылуу теманын актуалдуулугун тастыктай алган (Киришүү болүгү, 3-10-б.б.)

2-жыйынтык. Диссертант Сары-Колдогу памирлик кыргыздардын үйлөнүү тою салтын тарыхнаамалык талдоого алууну XIX кылымдын аягы XX к. башындагы европалык изилдоочүлөрдүн, андан соң советтик, постсоветтик жана Батыш окумуштууларынын эмгектерин салыштыруу аркылуу жүзөгө ашырган (I бап. 1-, 2-бөлүм).

*3-жыйынтык.* Диссертант каралып жаткан илимий иштин объектиси, предмети, булактары жана изилдоонүн методикасына токтолгон.

Изилдөөдө диссертант мургабдык кыргыздардын үйлөнүү каада-салттары өз тарыхый мекенинде жашап жаткан кыргыздардын, тарыхый шартка байланыштуу узак мезгилден бери коңшу жана аралаш жашап калган тажиктердин аналогиялуу салттарын сурамжылоо, социалдык байкоо жана визуалдык ж.б. методдору менен салыштырып изилдөөгө аракеттенген. **Изилдоонүн негизги ыкмасы катары** автордун этнографиялык талаа материалдарын жыйнаган. Диссертант 2015-2018-жж ичинде Чыгыш Памир кыргыздарынын арасында жүргүзүлүп, андан сырткары, автор Ош облусунда тарыхый себептердин натыйжасында аймакташып жашап калышкан сары-моголдук кыргыздар менен да кеңири сурамжылоо жүргүзгөн.

Тажикстан Республикасындагы Памир аймагындагы Сары-Кол кыргыздарынын кыргыз тилинде жарыяланган райондук «Чыгыш Памир», «Сталинчи», «Мургаб коммунисти», учурда «Сары-Кол» аталган гезиттердин материалдары пайдаланган. Илимий иште басма сөз маалыматтарына жарыяланган макалаларды талдоодо жана архивдик расмий документтер менен иштөө ыкмасын кеңири колдонгон.

Диссертант Чыгыш Памир аймагындагы Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү үлпот тоюн илимий изилдөого алууда визуалдык материалдардын топтомун тиркеме катары корсоткөн. Изилдөөдө автордун өзүнүн жалпы жонунан 300 минуталык даректүү этнографиялык видео тасма, 500дөн ашык фото сүрөтү жана колдо тартылган 10дон ашык сүротторүн жыйнаган. Алар диссертацияга тандалып озүнчо тиркеме катары берилген.

*4-жыйынтык. Изилдоочү илимий ишинде* XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздардын үй-бүлөлүк турмушунда патриархалдык түзүлүш үстөмдүк кылгандыгын, о.э. никеге туруу жаш куракка жараша жүргүзүлүп, кудалашуунун архаикалык

формаларынан болгон «бешик кетти», «белдеги кудалоо» жана «бөлө нике» жөрөлгөлөрү бүгүнкү күнгө чейин сакталгандыгын белгилеген.
Диссертант өзүнүн чыгарган корутундуларында, Сары-Кол кыргыздарында үйлөнүү тойго даярдыктары узак убакытка созула тургандыгын жана өзгөчөлөнгөн салт-санаасы менен айырмалангандыгын тастыктаган (III бап.1, 2-бөлүм.).

*5-жыйынтык.* Илимий иште изденүүчү Сары-Кол кыргыздарынын жашоо шарты, чарба жүргүзүүсүнө алардын материалдык маданиятына чоң таасирин тийгизгендигин ачып корсөткөн. Кыргыз элинин тамак-ашындагы жана кийимдериндеги өзгөчөлүгү элдин калыптанышы жана этностук тарыхы менен тыгыз байланышкандыгын жана айрым айырмачылыктарын белгилеген (IV бап, 1-, 2-бөлүм).

*6-жыйынтык.* Сары-Колдогу кыргыздардын үйлөнүү үрп-адаттарын салыштырып изилдөө аркылуу коңшу жашаган тажиктерге, Орто Азияда жашаган казактарга, өзбектерге, кара калпактарга жана ошондой эле түштүк сибирдик түрк-монгол тилдүү элдерге да (айрыкча, алтайлыктарга) жакын экендигин белгилөө менен бирге, диссертант аталган элдердин этногенетикалык, этномаданий өз ара байланыштарын далилдөөгө аракет жасаган (V бап, 1-, 2-бөлүм).

3. **Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди далилдөөгө аракет жасаган.

Илимий изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жыйынтыктарды, алардын негизинде илимий жоболорду, корутундуларды ырастаган.

**1-илимий корутунду.** Сары-Колдо жашаган этностук кыргыздарда үй-бүлө куруу, негизинен кудалашуу жолу менен жүргүзүлгөн. Жаштардын үй-бүлө куруусунда негизги роль ата-энелерге таандык болгон жана келечектеги үй-бүлө кура турган жаш муундун өкүлдөрүнүн пикирлери, ой-максаттары кийинки орунда турган. Коомдун мүчөлөрүнүн чарбалык турмушунда коңшулаш жайгашкан, социалдык-экономикалык абалына туура келген, коомдо алган ордуна жараша бекемдөө жана башка максаттардын негизинде ата-энелердин ортосунда кудалашуу жүрүп турган.

Үйлөнүү тойдо никелешүүнүн ар түрдүү формалары болгон. Алар: «белдеги кудалоо», «бешик кетти», «баш байлоо», «кудалашуу». Кудалашуунун жыйынтыгында калыңдын өлчөмү, анын мал түрүндөгү формасы аныкталган жана ал ата-энелердин коомдогу алган ордуна, чарбасынын абалына жараша аныкталганын тастыктаган.

Ал эми, калыңдын мааниси болочок жаш жубайларды материалдык жактан камсыздандыруу максатын көздөгөн.

**2-илимий корутунду.** Тажикстандагы памирлик кыргыздарда негизги үйлөнүү той болочок келиндин үйүндө болгон. Ал ар кандай салт-санаалар, үрп-адаттар менен коштолгон. Үйлөнүү тойдогу үрп-адаттар бекем сакталган

салттарга кирген, туруктуу ар кандай ишенимдер жана аракеттер менен бекемделген. Эки жаштын баш кошкондугун расмий далилдеген нике кыздын үйүндө кыйылган жана биринчи нике түн ушул жерде болгон.
3-илимий жобо. Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү тоюндагы дасторконго коюлган тамак-аштын түрлөрү жана алардын өз кезеги менен той учурунда коноктorго берилиши, жаштардын жана ата-энелердин кийген кийимдеринин өзгөчөлүгү бийик тоолуу, жашоо шарты катаал көчмөн турмушка жана жүргүзгөн мал чарбасына ыңгайлашкан.
**3-илимий корутунду.** Сары-Колдук кыргыздардын ичиндеги кудалашуунун салттуу формаларынын, каада-салттарынын, үрп-адаттарынын жана жөрөлгөлөрдүн бекем сакталып калышы алардын салыштырмалуу обочолонуп, бийик тоолуу жерде жашагандыгы, географиялык абалы, катаал шарты, курчап турган чөйрөсү, мал чарбачылыктан башка чарба жүргүзүүгө болбогондугу менен байланыштуу.
**4-илимий корутунду.** Сары-Колдук кыргыздардын кудалашуу формалары, салттуу үйлөнүү тою жана андагы көп сандаган ар кандай үрп-адаттардын сакталып калышы Борбордук Азияда жашаган түрк тилдүү элдер менен тарыхый-генетикалык жана маданий жактан байланышта болгондугун далилдейт.
**5-илимий корутунду**. Сары-Колдук кыргыздардын ичиндеги кудалашуунун салттуу формаларынын, каада-салттарынын, үрп-адаттарынын жана жөрөлгөлөрдүн бекем сакталып калышы алардын салыштырмалуу обочолонуп, бийик тоолуу жерде жашагандыгы, географиялык абалы, катаал шарты, курчап турган чөйрөсү, мал чарбачылыктан башка чарба жүргүзүүгө болбогондугу менен байланыштуу.
**6-илимий корутунду**. Сары-Колдук кыргыздардын кудалашуу формалары, салттуу үйлөнүү тою жана андагы көп сандаган ар кандай үрп-адаттардын сакталып калышы Борбордук Азияда жашаган түрк тилдүү элдер менен тарыхый-генетикалык жана маданий жактан байланышта болгондугун далилдейт.
**6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачып берүүдө, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө, илимий иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багытуулугун баалоо.**

Бул илимий иште автор эң алгачкылардан болуп өзүнүн жеке талаа этнографиялык-экпедициялык сурамжылоо изилдөөсүн Мургаб району, Мургаб айыл-жамаатынан – 30 адамдан, Мургаб району, Аличор айыл-жамаатынан – 19 адамдан, Мургаб району, Кызыл-Рабат айыл-жамаатынан – 35 адамдан сурамжылоо жүргүзгөн. Мургаб району, Көөнө-Коргон айыл-жамааты – 20 адамдан, ошондой эле Алай районунун Сары-Могол айыл-өкмөтүнөн – 20 адамдан интервью алып, маалымат чогулткандыгын жана жалпы 120 адамдан маалымат топтогондугун көрүүгө болот.

Демек, диссертанттын илимий ишинде тарыхый булактардан, Сары-Кол өрөөнүндөгү айыл өкмөттөрүнүн демографиялык-статистикалык

материалдардан, расмий токтомдордон, Мургабдагы басма сөз маалыматтарынан жана сурамжылоолордон, б.а. этнографиялык талаа матриалдардын негизинде “**Памир ороонундогу кыргыздардын үйлөнүү тою салты** (XIXк. аягы - XXк. башы)” аталышта жазылган комплекстүү изилдеген илимий эмгек болуп эсептелинет.

Автордун **жекече салымы** колдонулган бай талаа материалдары боюнча түзүлгөн документалдуу альбом (сүроттөр топтому) менен Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздар арасында калыптанган салттык үйлөнүү үрп-адаттары ушул күнгө чейин сакталып келгендигин тастыктап ачып көрсөтөт. Изденүүчү Сары-Кол ороонундогу үйлонүү тойго даярдыктар, анын жүрүшү, колуктунун ата-энесинин үйүндөгү жана анын келген жериндеги тойдун оз ирээти менен жүрүшү, алардын өзгөчөлүктөрү жана той учурундагы коюлган тамактардын берилиши, салттуу кийимдердин кийилиши, тойдон кийинки откорулгөн үрп-адаттар алгачкы ирет кыргыз этнография, этнология илиминде изилдегендигин баса белгилөөгө болот.

**Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдо диссертант** ***практикалык сунуштарды так айта алган.***

7. **Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси**

Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тарыхнаамэсине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын салттары боюнча жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыктары, берилген сунуштар, жыйынтыктар, теориялык жана практикалык жактан баалуу болуп саналат.

Илимий иштин негизги жоболорун жана жыйынтыктарын атайын изилдөө долбоорлорун иштеп чыгууда, окуу жайлары үчүн окуу-усулдук куралдарын түзүүдо, атайын курстарды окутууда жана этнография, этнология жана антропология боюнча эмгектерди жазууда колдонууга болот.

8. **Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, тыянактарынын жана натыйжаларынын жетиштүү деңгээлде жарыяланышы.**

Диссертациялык изилдоонун негизги жыйынтыктары боюнча диссертанттын 12 макаласы КР ЖАКтын реестрине кирген илимий басылмаларда, анын ичинен РИНЦ жана Web of Science системасы аркылуу индекстелүүчү илимий басылмаларда макалаларын жарыяланган.

9. **Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

**Диссертант** Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “**Памир ороонундогу кыргыздардын үйлөнүү тою салты** (XIXк. аягы - XXк. башы)” аттуу илимий иликтоосүнүн жогоруда корсотүлгон жетишкендиктери менен катар айрым бир мүчүлүштүкторго ээ экендигин белгилейт. Аларды атоо менен изденүүчүгө бир катар сунуштарды жана кеңештерди берүүгө туура келет.

1. Диссертант илимий жыйынтыктарды чыгарууда жалпылап бергендигин көрүүгө болот. Изденүүчү берилген баптардын ар бир бөлүмдөрүнө илимий жыйынтыктарды ынанымдуу жана так көрсөтсө далилдүү болмок. Тескерисинче, диссертант ар бир баптын жыйынтыктоочу бөлүгү катары кыскача гана жыйынтык чыгаруу менен аяктаган.
2. Диссертант Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын "Памир ороонундогу кыргыздардын үйлөнүү тою салты (XIXк. аягы - XXк. башы)" аттуу илимий ишинде Сары-Колдогу (Чыгыш Памирдеги) кыргыздарды изилдөө тарых наамасына токтолууда, советтик, постсоветтик XX кылымдагы батыш окумуштуулардын изилдөөсүн кеңири чагылдырса илимий иштин баалуулугун арттырмак.
3. Илимий иштин хронологиясы XIXк. аягы - XXк. башын озүнө камтып тургандыктан, Памир аймагынын кыскача тарыхына токтолуп кетсе болмок. Анткени бул мезгилдеги коомдук-саясий абалдын Памир аймагындагы кыргыздарга тийгизген таасирин чагылдырылса, илимий иштин баалуулугун арттырмак.
4. Колдонулган адабияттардын биринде типографиянын аталышы бар, экинчисинде аталышы жок. Адабияттар бир кылка берилсе болмок.
5. Диссертанттын эмгегинде айрым стилистикалык каталарга да орун берилген. Мисалы, 23-б, 24-б, 55-беттерде кездешет.

Бирок бул белгиленген илимий иштеги мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы илимий деңгээлине шек келтирбейт.

Жыйынтыгында, Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын "**Памир ороонундогу кыргыздардын үйлөнүү тою салты** (XIXк. аягы - XXк. башы)" аттуу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун, алынган тыянак-натыйжаларынын далилдүүлүгүн, илимий жаңылыгын жана теориялык, практикалык жактан баалуулугун эске алуу менен, иштин ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп бере тургандыгын белгилемекчибиз. Ал эми анын автору Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын 07.00.07. - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин , кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Расмий оппонент, И.Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик
университетинин
алдындагы М.Р.Рахимова атындагы
Квалификацияны жогорулатуу
жана кадрларды кайра даярдоо
институту т. и. к. Абдалиева Г. К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УН...
...КИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им...
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Вх. 04-8/27
Уч. секр. ДС 07.21.628